# “Ооган издери”

**Сөзү: Жаныбек Кожошев**
**Обону: Туратбек Дүйшеев**

Ойго батты үч жылдыздуу офицер,
Кызыл жылдыз орденине талапкер.
Сактай албай жоокерининин өмүрүн,
Калбасам деп өмүр бою карап жер[2].

Кайырма:

Кабул,Баграм,Кандагардын аптабы,
Герат ,Кундуз, Файзабаттын таштары.
Түбөлүктүү орун алган жүрөктөн,
Жаш жигиттин жыйырманчы жаштагы.

Ак аралап он тогузда чачтарын,
Доско арнаган ырларынын саптарын.
Куралдашын келбес жолго узатып,
Улам аарчып көздөрүнүн жаштарын.

Кайырма:

Кабул,Баграм,Кандагардын аптабы,
Герат ,Кундуз, Файзабаттын таштары.
Түбөлүктүү орун алган жүрөктөн,
Жаш жигиттин жыйырманчы жаштагы.

Үч окуя бир көрүнүш Афгандан,
Унутулгус он жыл эсте калганда.
Өз милдетин намыс менен аткарып,
Эч коркпостон бөтөн жерге баргандан.

Кайырма:

Кабул,Баграм,Кандагардын аптабы,
Герат ,Кундуз, Файзабаттын таштары.
Түбөлүккө орун алган жүрөктөн,
Жаш жигиттин жыйырманчы жаштагы.

Биз бар кезде тирүүсүңөр палчандар,
Жаш өмүрүн бейиш төрдөн тапкандар.
Эскерүүгө милдеттүүбүз ар дайым,
Башка элдин бактысы үчүн жаткандар.